*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

***Экспресс-маалымат***
2018-жылдын 10-августу

### Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын январь-июлундагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2018 январь-июлу 2017[1] январь-июлуна карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январь-июлу 2016 январь-июлуна карата пайыз менен | Өсүшү (+), төмөндөөсү (-), пайыздык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо) | 260457,8 | 99,8 | 106,2 | -6,4 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 236188,8 | 102,2 | 102,6 | -0,4 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 126555,2 | 91,4[2] | 133,2[2] | -41,8 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 81487,1 | 102,9[2] | 122,8[2] | -19,9 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 6821,6 | 68,2[2] | 193,5[2] | -125,3 |
| Иштетүү өндүрүшү | 96792,7 | 91,7[2] | 131,9[2] | -40,2 |
| Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 21798,7 | 102,5[2] | 113,2[2] | -10,7 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 1142,2 | 110,5[2] | 104,4[2] | +6,1 |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы | 84209,7 | 102,1 | 101,4 | +0,7 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 56323,5 | 105,1 | 99,5 | +5,6 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 54300,3 | 106,4 | 93,8 | +12,6 |
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо | 231309,0 | 105,5 | 104,7 | +0,8 |
| анын ичинде автоунааларды | 122604,6 | 103,6 | 104,8 | -1,2 |

| | Иш жүзүндө | 2018 январь-июлу 2017[1] январь-июлуна карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январ-июлу 2016 январ-июлуна карата пайыз менен | Өсүшү (+), төмөндөөсү (-), пайыз-дык пункт |
|---|---|---|---|---|
| жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | | | | |
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 10016,6 | 106,7 | 107,1 | -0,4 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу, миң тонна | 17176,4 | 103,4 | 101,7 | +1,7 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам | 402,0 | 102,9 | 103,4 | -0,5 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 394,6 | 101,1 | 102,9 | -1,8 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 13221,6 | 92,6 | 75,4 | +17,2 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 102,1 | 102,8 | -0,7 |
| - 2017-ж. декабрына карата | 99,2 | | | |
| - 2017-ж. июлуна карата | 101,1 | | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 66,8 | 107,2 | 109,3 | -2,1 |
| Бир кызматкердин номиналдык орточо айлык эмгек акысы[3], сом | 15665 | 106,6 | 106,0 | +0,6 |
| Тышкы соода жүгүртүү[4] | 3249,9 | 117,1 | 110,2 | +6,9 |
| анын ичинде ЕАЭБга мүчө мамлекеттер | 1116,4 | 104,9 | 105,5 | -0,6 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 811,8 | 102,7 | 126,0 | -23,3 |
| анын ичинде ЕАЭБга мүчө мамлекеттер | 311,0 | 119,0 | 118,2 | +0,8 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 2438,1 | 122,8 | 105,0 | +17,8 |
| анын ичинде ЕАЭБга мүчө мамлекеттер | 805,4 | 100,3 | 102,0 | -1,7 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] 2018-ж.январь-июну (чакан ишканаларды эсепке албаганда).
[4] 2018-ж. январь-июну (алдын-ала маалыматтар боюнча).

**Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын январь-июлундагы экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыктарына кыскача түшүндүрмөлөр**

**Ички дүң продукт.** Ү.ж. январь-июлунда ички дүң продукттун көлөмү өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштыруу боюнча 260,5 млрд. сомду түздү жана 0,2 пайызга азайды.

ИДП түзүмүндөгү эң чоң үлүш кызмат көрсөтүүчү тармактарга туура келди, алар анын жалпы көлөмүнүн 47 пайызга жакынын, өнөр жайдын үлүшү - 20 пайызды, айыл чарбасы - 10 пайыздан ашыкты жана курулуш - 6 пайыздан ашыкты түздү.

«Кумтөр» кен казуу ишканаларысыз, 2018-жылдын январь-июлунда ИДПнын көлөмү 236 миллиард сомду түздү жана 2,2 пайызга өстү.

**Өнөр-жай.** 2018-жылдын январь-июлунда өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштыруу боюнча өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмдөрүнүн 8,6 пайызга төмөндөшү металл рудаларын казуунун - 61,1 пайызга, кымбат баалуу металлдардын өндүрүшү - 18,7 пайызга кыскарышынын эсебинен шартталды.

«Кумтөр» кен казуу ишканаларысыз, өндүрүштүн көлөмү 2,9 пайызга өстү. Өсүү текстиль өндүрүшүндө (1,7 эсеге), нефть продукттарынын өндүрүшүндө (32,7 пайызга), кийим өндүрүшүндө (26,7 пайызга), резина жана пластмасса буюмдарынын, башка металл эмес минералдык продукттарынын өндүрүшүндө (20,7 пайызга) камсыздалды.

Электр энергиясын өндүрүүнүн жана берүүнүн өсүшүнүн эсебинен электр энергиясы, газ жана буу менен камсыздалган көлөмү 2017-жылдын январь-июлундагы деңгээлден 2,5 пайызга ашты.

**Айыл чарбасы.** 2018-жылдын январь-июлунда өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштыруу боюнча айыл чарба продукциясынын чыккан дүң көлөмдөрүнүн өсүшү, өсүмдүк продукциясын өндүрүүнүн (2,4 пайызга), ошондой эле мал чарба продукциясын өндүрүүнүн (2,2 пайызга) көбөйүшү менен шартталды.

**Курулуш.** 2017-жылдын январь-июлуна салыштыруу боюнча негизги капиталга жумшалган инвестициянын көлөмдөрүнүн өсүшү, электр энергиясы, газ жана буу менен камсыздоо (жабдуу), мейманканалар жана ресторандар, маалымат жана байланыш, ошондой эле искусство, эс алуу жана оюн-зоок тармактагы объекттердин курулушунан башка, ишмердиктердин көпчүлүк түрлөрүндө белгиленди.

Ички булактардын эсебинен каржылана турган инвестициялардын көлөмдөрү 13,7 пайызга өстү, ал эми тышкы булактардын эсебинен, тескерисинче, 19,8 пайызга төмөндөдү.

Ү.ж. январь-июлунда негизги көлөм (инвестициялардын жалпы көлөмүнүн 81ге жакын пайызы) пайдалуу кендерди казуу, кайра иштетүү өндүрүшү, электр энергиясы, газ жана буу, транспорттук ишмердик жана турак жай курулушу боюнча объекттердин курулушуна багытталды.

**Соода.** Дүң жана чекене соода, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоолор боюнча жүгүртүүнүн көбөйүшү дүң сооданын (10,2 пайызга),

жана чекене сооданын (3,6 пайызга) көлөмдөрүнүн өсүшү менен жетишилди.

**Эмгек акы.** Бюджеттик чөйрөнүн кызматчыларынын эмгек акысы - 12 395 сомду, ал эми бюджеттен тышкаркы чөйрөнүн кызматчыларынын эмгек акысы - 21 397 сомду түздү.

Орточо айлык эмгек акынын темпинин курулушта (16,3 пайызга), башка тейлөө ишмердиктеринде (21,6 пайызга), маалымат жана байланышта (15,1 пайызга), мамлекеттик башкаруу жана коргоо; милдеттүү социалдык камсыздоодо (11,7 пайызга), пайдалуу кендерди казууда (10,9 пайызга), дүң жана чекене соодада, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоолордо (10,1 пайызга), кесиптик, илимий жана техникалык ишмердикте (9,5 пайызга), ошондой эле кыймылсыз мүлк менен операцияларда (9,4 пайызга) орчундуу өсүшү байкалды.

**Баалар.** Ү.ж. июлунда өткөн айга салыштыруу боюнча бүтүндөй республика боюнча керектөө бааларынын жана тарифтеринин 0,7 пайызга төмөндөөсү байкалды, бул алардын тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга - 1,6 пайызга жана азык-түлүк эмес товарларга - 0,2 пайызга төмөндөөсү менен шартталды. Муну менен бирге, ү.ж. июлунда калкка көрсөтүлө турган кызматтарга карата тарифтер өткөн айга салыштыруу боюнча республика боюнча 0,4 пайызга, алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге - 0,2 пайызга өстү.

Ү.ж. июлунда өткөн айга салыштыруу боюнча керектөө бааларынын жана тарифтеринин тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга да республиканын бардык аймактары боюнча төмөндөөсү белгиленди.

Ү.ж. башынан тартып (өткөн жылдын декабрына салыштыруу боюнча) бүтүндөй республика боюнча керектөө баалары жана тарифтери 0,8 пайызды түздү, бул алардын тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга (3,9 пайызга), ошондой эле азык-түлүк эмес товарларынын - 0,8 пайызга төмөндөөсү менен шартталды. Ушул эле учурда, ү.ж. январь-июлунда алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге болгон баалардын өсүүсү 6,1 пайызды, кызмат көрсөтүүлөргө - 3,9 пайызды түздү.

Мурдагыдай эле, ү.ж. башынан тартып керектөө бааларынын жана тарифтердин Нарын облусунда (2,9 пайызга) максималдуу өсүшү байкалат. Мындан тышкары, алардын жогорулоосу Ош (бир пайызга) жана Ысык-Көл (0,5 пайызга) облустарында белгиленди. Ушул эле учурда, ү.ж. июлунда өткөн жылдын декабрына салыштыруу боюнча Нарын облусунда тамак-аш продукттарына жана алкоголсуз суусундуктарга (1,5 пайызга) баалардын өсүшү сакталып калды, ал эми калган аймактарда алардын төмөндөөсү катталды.

**Тышкы экономикалык ишмердик.** 2018-жылдын январь-июнунда 2017-жылдын январь-июнуна салыштыруу боюнча *экспроттук жөнөтүүлөрдүн* 2,7 пайызга көбөйүшү, цементти - 7,4 эсеге, электр энергиясын - 2,7 эсеге, текстиль жана трикотаж кийимдеринин - 2,4 эсеге, резина бут кийиминин - 2,5 эсеге, пахта буласынын - 2,1 эсеге, сыныктардын жана жездин калдыктарынын - 2,4 эсеге, ошондой эле кургатылган буурчак жашылчаларынын - 29,4 пайызга жөнөтүүлөрдүн жогорулоосу менен шартталды. Муну менен катар, монетардык эмес

алтындын - 18,2 пайызга, рудалар жана кымбат баалуу металлдардын концентраттарынын - 18,7 пайызга көлөмдөрү азайды.

Ушул эле учурда, ү.ж. январь-июнунда өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштыруу боюнча экспортко жөнөтүүлөрдүн үлүшү аялдардын трикотаж блузкаларынын - 0,6 пайыздан 9,0 пайызга чейин, нефть продукттарынын - 2,2 пайыздан 3,4 пайызга чейин, жездин калдыктарынын жана сыныктардын - 1,3 пайыздан 3,3 пайызга чейин, цементтин - 0,2 пайыздан 1,5 пайызга чейин, кара металлдын калдыктары жана сыныктарынын - 0,6 пайыздан 1,2 пайызга чейин, электр энергиясынын - 0,4 пайыздан 1,1 пайызга чейин, иштетилбеген нефттин - 0,2 пайыздан 1,1 пайызга чейин үлүшү көбөйдү. Бир эле убакта, чыгарыла турган алтындын үлүшүнүн 38,4 пайыздан 31,4 пайызга чейин, рудалар жана кымбат баалуу металлдардын концентраттарынын - 9,5 пайыздан 7,8 пайызга чейин, тамекинин - 1,3 пайыздан 0,6 пайызга чейин, баш пияздын - 0,5 пайыздан 0,1 пайызга чейин, картошканын - 0,4 пайыздан 0,1 пайызга чейин төмөндөөсү белгиленди.

Ү.ж. I жарым жылдыгында *импорттук келип түшүүлөрдүн* көлөмдөрүнүн жогорулоосу, кийимдердин - 2,3 эсеге, булгаарыдан жасалган буюмдардын - 1,8 эсеге, жемиштердин жана жаңгактардын - 1,8 эсеге, бут кийимдин - 52,9 пайызга, кара металлдын - 40,6 пайызга, химиялык булалардын - 27,4 пайызга, машиналардын жана жабдуулардын - 34,5 пайызга, нефть жана нефть продукттарынын - 8,4 кирүүсүнүн көбөйүшү менен камсыздалды.

Ушул эле учурда, ү.ж. январь-июнунда өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштыруу боюнча *импорттук келип түшүүлөрдүн* бут кийимдин - 5,4 пайыздан 7,4 пайызга чейин, байланыш аппаратурасынын жана ага карата тетиктеринин - 2,2 пайыздан 2,7 пайызга чейин, синтетикалык кездемелер - 0,9 пайыздан 1,5 пайызга чейин, эркектин трикотаж кийиминин - 0,6 пайыздан 1,2 пайызга чейин, аялдардын трикотаж кийиминин - 0,4 пайыздан 0,7 пайызга чейин, жылмаланбаган болоттон жасалган шиштердин - 0,8 пайыздан 1,2 пайызга чейин үлүшү көбөйдү. Ошол эле убакта, киргизиле турган дары-дармек каражаттарынын үлүшүнүн 3,8 пайыздан 2,8 пайызга чейин, автоунаа бензининин - 4,9 пайыздан 3,7 пайызга чейин, азот жер семирткичтеринин - 1,0 пайыздан 0,5 пайызга чейин, буудайдын - 0,9 пайыздан 0,5 пайызга чейин, канттын - 0,6 пайыздан 0,4 пайызга чейин төмөндөөсү белгиленди.

2018-жылдын январь-июнунда *ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен республиканын өз ара соодасынын* көлөмү 1116,4 млн. АКШ долларын түздү жана 2017-жылдын январь-июнуна салыштыруу боюнча 4,9 пайызга өстү. Ушул эле учурда, товарлардын импорту - 0,3 пайызга, экспорттук жөнөтүүлөр -19,0 пайызга жогорулады.

ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен республиканын өз ара соодасынын эң чоң үлүшү Россияга (66,1 пайызы) жана Казакстанга (32,3 пайызы) туура келди.

Товарларды Россиядан импорттоодо жер семирткичтерди - 2,4 эсеге, туш кагаздардын - 2,4 эсеге, отундун таарындысынан жасалган плиталардын - 2,3 эсеге, жылмаланбаган болоттон жасалган шиштердин -

2,2 эсеге, суулар, анын ичинде, минералдык жана газдалган суулар - 57,6 пайызга, жеңил автоунаалар - 44,9 пайызга, нефть продукттарынын - 9,1 пайызга киргизилиши көбөйдү. Ошол эле убакта, келип түшүү көлөмдөрүнүн дары-дармек каражаттарынын - 3,7 эсеге, канттын - 15,3 пайызга жана күн карама майынын - 17,6 пайызга төмөндөөсү белгиленди.

Ү.ж. I жарым жылдыгында товарларды Россияга экспорттоодо трикотаж блузкаларын - 15,1 эсеге, пахта буласын - 6,6 эсеге, эркек трикотаж көйнөктөрүн - 2,0 эсеге жана резина бут кийимдерин - 1,9 эсеге чыгаруу жогорулады. Ошол эле убакта, калдыктарды жана кымбат баалуу металлдардын сыныктарынын - 48,5 пайызга, жылмаланган айнектин - 3,7 пайызга, ошондой эле кургатылган жемиштердин - 25,1 пайызга чыгуусу азайды.

Товарларды Казакстандан импорттоодо ү.ж. январь-июнунда өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштыруу боюнча кара металлдардан жасалган металл конструкцияларынын - 6,5 эсеге, нефть коксунун жана битумунун - 4,2 эсеге, пластмассадан жасалган таранын - 2,4 эсеге, кара металлдардан жасалган буюмдардын - 2,4 эсеге, тамекинин - 2,0 эсеге, жылмаланбаган болоттон жасалган жалпак прокаттын - 39,9 пайызга, күн карама майынын - 19,0 пайызга, ошондой эле буудай унунун - 10,0 пайызга киргизүү көлөмдөрү жогорулады.

Товарларды Казакстанга экспорттоодо өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштыруу боюнча резина бут кийимдеринин - 3,7 эсеге, пластмассадан жасалган таранын - 65,7 пайызга, нан жана ундан жасалган кондитердик азыктардын - 59,0 пайызга чыгаруу көбөйдү. Ошол эле убакта, жылмаланган айнектин - 21,8 пайызга, эркектин трикотаж кийимдеринин - 13,5 пайызга чыгаруу азайды.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Номиналдык айлык орточо эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБга мүчө-мамлекеттерден болгон импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**ЕАЭБга мүчө-мамлекеттер менен болгон экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төрага** **А.Ш. Султанов**